**Башталгыч мектеп**

**А. Токтомамбетов п.и.к**

**2.06. 2014.**

# Баланы дене түзүлүшү жана интеллектуалдык жактан шайкеш өнүктүрүүдөгү «кызыктуу ынтымак тамгалар» комплектинин ролу

«Бийиктик» басмасынан 2014-жылы «Кызыктуу ынтымак тамгалар (КЫТ) комплекти басылып чыкты. Бул макала КЫТ комплектинин негизги өзгөчөлүктөрүнө, аны колдонуу ыкмаларына арналды.

Макала төмөнкүдөй түзүмдөн турат:

Түйүндүү түшүнүктөр.

Киришүү же «КЫТ» комплекти менен иштөөдөгү баланын дене жана интеллектуалдык жактан өнүгүүсүнүн байланышы.

1. «КЫТ» комплекти кимдерге арналган жана ал кандайча жаралды.
2. «КЫТ» комплекти эмнелерден турат жана ал канткенде сырын ачат.
3. «КЫТ» комплекти менен кантип иштөө керек.
4. «КЫТ» комплектинин кандай артыкчылыктары бар же ал балдарга эмне берет.

Корутунду.

Пайдаланылган адабияттар.

**ТҮЙҮНДҮҮ ТҮШҮНҮКТӨР**: шайкеш (гармониялуу) өнүктүрүү, дене жана интеллектуалдык өнүгүү, ой жүгүртүү, өз алдынчалуулук, чыгармачылык, тыбыш, тамга, тамганын элеси, тамгадан тамга жасоо, майда булчуңдарды өнүктүрүү, дене аркылуу сезүү, элестетүү, салыштыруу, уйкаштык жаратуу.

## КИРИШҮҮ ЖЕ «КЫТ» КОМПЛЕКТИ МЕНЕН ИШТӨӨДӨГҮ БАЛАНЫН ДЕНЕ ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ЖАКТАН ӨНҮГҮҮСҮНҮН БАЙЛАНЫШЫ

Баланын дене түзүлүшү жана интеллектуалдык жактан шайкеш (гармониялуу) өнүгүшү бардык мезгилдин максаты жана коюлган талабы болуп келген. Түрдүү технологиялар тездик менен өнүгүп жаткан бүгүнкү күндө баланын интеллектуалдык өнүгүүсү менен катар анын дене жагынан өсүүсүн камсыз кылууга муктаждык улам өсүүдө. Анткени компьютерди, андагы оюндарды кеңири колдонуу жана турмуштук стресстин өсүүсүнөн улам күндөн күнгө балдардын ден соолугу начарлоодо.

Окутуу процессинде баланын ден соолугу үчүн кам көрүүнүн негизги багыттарынын бири окуу материалдарын, натыйжада окуу процессин бала үчүн кызыктуу кылуу жана баланын чыгармачылыгын, элестетүүсүн, өз алдынчалуулугун калыптандыруу менен катар дене кыймылын камсыз кылуу болуп саналат. Айрыкча бала бакчада жана башталгыч мектепте бул өзгөчө мааниге ээ болот.

Таблицалар менен иштөөдө барактын кыркылган жерлерин бүктөө аркылуу балдардын майда булчуңдары (моторикасы) өнүгөт. Бул курактагы балдар кыймылдуу болуп, көп ойногону менен, алардын майда булчуңдары өнүккөн эмес, ошондуктан алар жазып же сүрөт тартып жатканда, колдору аларга жакшы баш ийбейт. Майда булчуңдардын өнүгүшү калем, ручка кыл калемди так башкарууга жардам берет.

Экинчиден, таблицалар, сүрөттөр менен иштеп жатканда, тери аркылуу (сенсордук) сезүү, кабыл алуу ишке ашат.

Үчүнчүдөн, таблицалар менен иштөө учурунда балдар тамгалардын элесин айланадан табышат, аларды туруп барып көрсөтсө болот, мында алардын кыймылдоосуна туура келет. Ошондой эле сүрөттөр менен иштөөдө эгерде алардын буюмдары класста, тайпада болсо, аларды колдонуу да балдардын кыймылдоосуна алып келет.

Төртүнчүдөн, балдар жалгыздан же экиден болуп, тамгалардын элесин өздөрү көрсөтсө болот. Бул кыймылды эле эмес, активдүүлүктү да талап кылат жана кызыгууну жаратат.

“Кызыктуу ынтымак тамгалар” (КЫТ) комплекти менен иштөөдө балдардын дене жана интеллектуалдык өнүгүүсү шайкештикте ишке ашат.

## 1. «КЫТ» КОМПЛЕКТИ КИМДЕРГЕ АРНАЛГАН ЖАНА АЛ КАНДАЙЧА ЖАРАЛДЫ

«КЫТ» комплекти бакчадагы жогорку, даярдоочу тайпалардын балдарына, мектепке даярдоо класстарындагы жана мектептеги биринчи класстардын балдарына арналган. Бирок, анын кеп өстүрүү бөлүгүн экинчи, үчүнчү класстарда да колдонууга болот.

«КЫТ» комплекти кандайча жаралды. Албетте,«КЫТ» ушул турушунда дароо эле пайда боло калган жок. Ойдун башаты Өзгөн районунун Мырза-Аке айлындагы №20 мектептин мугалими Мундузкан Жигитовадан башталат. Бул тууралуу басма сөздө да баяндаган элем («Эл агартуу», 1995, №3, 83–85-б.). Мундузкан эже бул ойду окуу процессинин өзүнөн алган, сабак учурунда жаралган. Бирок, анда барактагы тамгалардын жанына кагаздан кесип жабыштырып, кагаздын жабыштырган бөлүгүн ачып-жаап, тамгаларды өзгөртүүгө болот эле. Бул анчалык ыңгайлуу болбогондуктан, бир баракча аркылуу көп тамга жасоого тоскоолдук кылды. Анан да түзүлүшү оңой болгон тамгаларды гана түзүүгө мүмкүн болуп, көпчүлүгүн жасоого болбойт эле. Үзүк сызыктар боюнча баракты кесүү жөнүндөгү ойдун жаралышы бул тамгалардын ушул турушундагы абалга келишинде чоң роль ойноду. Ошондон кийин тамгалардын баарын камтуу, ошондой эле массалык нускада чыгаруу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Иш процессинде бир нече варианты жаралды, алардын ичинен ушул турушу бир топ алгылыктуу деп эсептелди.

Алгач «КЫТ» 1-класстын балдарына арналып, 1 А-3 барагы түрүндө гана чыккан болчу. Бирок, бакча жана мектепке даярдоо класстары тарабынан ага болгон талапты эске алуу менен, аны ушундайча кайра иштеп чыгууга туура келди. Натыйжада тамгалар катышкан буюмдардын сүрөттөрү, тамгаларга окшош сүрөттөр тартылды, “КЫТты” кантип пайдалануу методикасы жазылып, тамгаларга байланыштуу ырлар жазылып, «КЫТ» Сиздер колуңуздарга алып турган формага келди.

Ак фондогу да, көк фондогу сүрөттөр да 1ден 7ге чейинки сандар менен номерленди. Анткени ар сүрөт 7 таяныч таблицасынын бирине тиешелүү, андыктан анын номерине карап, кайсы таблицага тиешелүү экендигин билүүгө болот. Ошол эле учурда ылайыгына жараша сүрөттөрдү ар кайсы тамгаларга карата пайдаланууга да болот. Жогоруда белгилеп кеткендей, тамгалар катышкан буюмдардын сүрөттөрү ак фон менен, тамгага окшош сүрөттөр көк фон менен берилди.

## 2. «КЫТ» КОМПЛЕКТИ ЭМНЕЛЕРДЕН ТУРАТ ЖАНА АЛ КАНТКЕНДЕ СЫРЫН АЧАТ

«Кызыктуу ынтымак тамгалар» (КЫТ) комплектинде төмөнкүлөр бар:

1. Методикалык колдонмо;
2. Тамгаларга байланыштуу ырлардан турган китепче;

3. Бир барактагы (А-3) «Кызыктуу ынтымак тамгалар» (бул барак 8 таяныч таблицага бөлүнөт);
4. Сүрөттөр менен коштолгон тамгалар (азбука же алфавиттеги сүрөттүү тамгалар, алар жалпыланган бир баракта берилди);
5. Тамгалар катышкан буюмдардын сүрөттөрү (ак фондо);
6. Тамгаларга окшош сүрөттөр (көк фондо).

Жалпы барактан (А-3) көрүнүп тургандай, таблица кыскача түшүндүрмөдөн жана андан башка 7 кичинекей баракчадан турат. Ар бир баракчанын жардамы менен бир нече тамга жасоого болот (түшүндүрмөнү караңыз, 4төн 6га чейин), башкача айтканда, ар бир баракчада бир нече тамга ынтымакта жашайт.

Ошол ар бир баракча таяныч таблицалар деп аталды. Текстте алар «таяныч таблица», «таблица», «баракча» деп да колдонула берет.

Таяныч таблицалар камтылган жалпы барак (А-3) комплектке эки нускада салынды. Анын бири кошумча берилди. Алардын бирөөнү гана кыркып, экинчисин кыркпоону сунуш кылабыз. Эгерде балдар кыркылган таблицаларды айрып же жоготуп алса, анда таблицаларды кайрадан А-3 барагына көчүрүп алууга болот.



Жалпы барак (А-3) 8 таблицага бөлүнүп кыркылат. Анын биринчиси – түшүндүрмө баракча. Калган 7 баракчаны өзүнчө кыркып алгандан кийин, ар бир таблицаны тамгалардын үстү жагындагы туурасынан кеткен бүтүн сызык менен артына кайрып бүктөө керек, анткени үзүк сызыктар боюнча тамгаларды кыркып бүктөгөндө, алардын орду ачык калып, начар көрүнүп, балдарды алагды кылышы мүмкүн. Баракчаларга (таяныч чиймелерге) номерлер коюлган, түшүндүрмөдө кайсы баракча аркылуу кандай тамгаларды жасоо керектиги көрсөтүлгөн. Маселен, 5-баракча, түшүндүрмөдөгү 5 санынын тушунда «ь», «ъ», «б», «ы», «г», «т» тамгалары турат. Демек, 5-баракчадагы үзүк сызыктар аркылуу кыркып, бүктөө аркылуу ушул 6 тамганы жасоого болот.

*Эскертүү*: Таблицаларды үзүк сызыктар менен кыркууда алгач чоң бөлүктөрүн кыркып, аларды бүктөп алып, андан кийин ички кичинекейлерин кыркып бүктөө керек. Үзүк сызыктар боюнча кыркып бүктөөдө тамгалардын жасалышына көңүл буруп, түшүндүрмө таблицаны пайдаланып, тамгаларды жасоо менен «аң сезимдүү» бүктөө, кыркуу зарыл.

## 3. «КЫТ» КОМПЛЕКТИ МЕНЕН КАНТИП ИШТӨӨ КЕРЕК

«Кызыктуу ынтымак тамгалар» менен иштөө боюнча методикалык көрсөтмөлөр 7 таяныч таблицага ылайык берилди. Ар бир таяныч таблицада 4төн 6га чейинки тамгалар орун алган. Таяныч таблицалардын ар биринде 1ден 7ге чейинки номер бар. Жогоруда белгилеп кеткендей, ошол номер сүрөттөргө да коюлган.

Бирок, балдарды «КЫТ» менен тааныштырууда таяныч таблицалардын ордун алмаштырууга жол берилет. Сөзсүз түрдө коюлган номерлердин ирети сакталышы керек деген талап жок. Тарбиячы ыңгайына, ылайыгына жараша алардын ордун алмаштырып колдоно алат.

«КЫТ» менен тааныштырууда баланы кыйнап, тамгаларды, алардын өзгөчөлүктөрүн күч менен мажбурлап өздөштүртүүгө болбойт. Мында багыт берүү жана кызыктыруу негизги ролду ойнойт. Эгерде бала бүгүн изденүүгө кирише албай, чыгармачылыкка аралаша албай жатса, ал эртең аралашат, эртең болбосо кийинки күнү илхам келет. Негизгиси сабырдуулук керек. Эгерде урушуп, коркутуу менен баланын аракетине балта чабылса, ал кийин эч качан бул процесске аралашпай коюшу мүмкүн, бул иш анын жүрөгүн айлантып, көңүлүнө көк таштай тийген жек көрүндү иш-аракет болуп калышы ажеп эмес. Ошондуктан дайыма баланы кызыктыруу, анын ар бир ийгилигин колдоо, мактоо, ага туура жол көрсөтүү жана аны ар дайым кубаттап туруу оң натыйжасын бермекчи.

Бул, биринчиден, баланын курактык, психологиялык өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу. Экинчиден, бул тамгаларды сөзсүз түрдө аныкталган мөөнөттө өздөштүрүү зарыл деген талап коюлбайт. «КЫТ» балдардын ишмердигин кызыктуу, мазмундуу кылуу менен, аларды алдыга сүрөп турмакчы. Мүмкүнчүлүгүнө жараша балдардын тамга тaануусуна, аларды айырмалай алуусуна, тамгалардын элесинин баланын аң сезиминен орун алып калышына жардам берет.

*Эскертүү*: Тарбиячылар, мугалимдер үчүн дагы бир белгилей кетүүчү жагдай, тамганы үйрөнүп алган балдардын тамгалап окуусуна жол бербөө керек. Тамгалап окууга үйрөнүп алган бала ал тамгаларды кошуп окууда абдан кыйналат. Анткени ар бир үнсүз тамганы айтып жатканда, биз ага «ы» тамгасын кошуп айтабыз. Маселен, «кы», «пы», «ты», «мы» ж.б. Тамгалап окуган балага ушул «ы» тамгасы тамгаларды кошуп окууга тоскоол болот. Айталы, «бала» деген сөз. Аны тамгалап айтканда, «бы-а-лы-а» болот. Ошондуктан тамгалап окутуу ыкмасы практикада колдонулбайт.

Эгерде бала тамгалап окууга киришип жаткан болсо, аны дароо муундап окууга көндүрүү зарыл.

Аны кандайча ишке ашырууга болот?

Бул учурда Жигитова Мундузкан эже мындай ыкманы колдончу. Балдар колуна күзгүнү кармашат да, ооздорун «м» тамгасын айтууга даярдашат. Анткени «м» тамгасын айтууда эриндер бири-бирине тийип, алардын абалы ачык көрүнүп турат. Тамганы айтууга даярданып, күзгүдөн эриндерин карашат, андан кийин тамганы айтар акыркы учурда эриндерин ошол эле абалда кармап туруу менен, дароо «у» тамгасын айтышат. Албетте, балдардын баары дароо эле туура айтып жиберишпейт. Бирок, муну бир нече жолу кайталагандан кийин дээрлик бардык балдар «му» дегенди чогуу айтышат. Мына

ушундай жол менен ортолукка кыпчылган «ы» тамгасынан арылып, эки тамганы бириктирип айтканга, окуганга көндүрүүгө болот.

Андан ары үнсүз, үндүү айкалышында башка муундарды да айтып машыгуу керек. Мында “КЫТтагы” 2 таблицаны алып, аларды катар коюп колдонууга да болот.

Эми таяныч таблицаларга келели.

Ар бир таяныч чийме менен иштөө төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат:

а. Тамга катышкан буюмдардын сүрөттөрү (ак фон) менен иштөө;

б. Сүрөттүү тамгалар (азбука) менен иштөө;

в. “КЫТтагы” таяныч таблицалар менен иш алып баруу;

г. Тамгага окшош буюмдардын сүрөттөрү (көк фон) менен иштөө;

д. Тамгага тиешелүү ырлар менен иш алып баруу (кеп өстүрүү).

Анда бир таблицанын негизинде кантип иштөөнү карап көрөлү.

**1. Биринчи таяныч таблицадан 4 тамга (о, ө, а, ю) орун алган.**

**а. Тамга катышкан буюмдардын сүрөттөрү менен иштөө**

Бул таблицадагы «о» тамгасына от менен ороктун, «ө» тамгасына өрүк менен өрдөктүн, «а» тамгасына алма, алмурут, анар, аюунун, «ю» тамгасына юла, юбканын сүрөттөрү берилген. Андагы «а» тамгасына берилген сүрөттөрдү карап көрөлү.

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  |  |  |

Тарбиячынын, мугалимдин биринчи аракети – ар бир тамгага тиешелүү сүрөттөрдү көрсөтүү менен андагы алгачкы тамгага басым жасап, аны бөлүп көрсөтүү. Маселен, от менен ороктун сүрөтүнөн «о» тамгасын бөлүп алуу керек. Мында кекечтенип айтууну да сунуш кылса болот: о-о-о-т, о-о-о-рок. Бирок, класста кекечтенип сүйлөгөн балдар болсо, бул ыкманы колдонууга таптакыр жол берилбейт.

Тарбиячынын, мугалимдин экинчи милдети – тамгага тиешелүү сөздөр айтылгандан кийин ошол тамга катышкан сөздөрдү балдардын дагы таап айтуусуна шарт түзүү. Эгерде балдар уланта албай кыйналып, 1-2 сөз менен эле чектелсе, аларды урушуп, кыстоонун кереги жок. Мындай учурда маселени ачык бойдон калтырып, «бул ишти дагы улантабыз» деп же кийин ушундай сөздөрдү таап келүүгө тапшырма берсе болот. Ким аткарып келсе, аларды мактоо, колдоо керек.

**б. Сүрөттүү тамгалар (Азбука) менен иштөө**

Тамгаларды бөлүп алгандан кийин, аны А-3 барагындагы жалпы сүрөттүү тамгалар менен бекемдөө абзел. Ушул төрт тамга катышкан сөздөрдү сүрөттүү тамгалардан көрсөтүп, анын тамгасы менен тааныштырып бекемдөөгө туура келет. Ал тамгалардын жазма түрлөрүн доскага, кагазга жазып көрсөтсө да болот.

**в. “КЫТтагы” таяныч таблицалар менен иш алып баруу**

Мында сүрөттүү тамгаларга карап же аларды доскага, флипчартка жазып коюп, ага карап, таяныч таблицалардын жардамы менен тамгаларды жасоо керек. Алгач, тарбиячы, мугалим таяныч таблицалар менен кандайча иштөө керектигин шашылбастан көрсөтүү менен түшүндүрөт. Андан кийин гана тамгаларды жасоого киришишет.

**г. Тамгага окшош буюмдардын сүрөттөрү менен иштөө**

«О» тамгасына жумуртканын, дарбыздын, тарелканын сүрөтү берилген. Мында бул буюмдарда «о» тамгасынын элеси бар экендигине көңүл бөлүү зарыл. «Ө» тамгасына дөңгөлөк, «а» тамгасына тарелка, жанына коюлган вилка, «ю» тамгасына ачкычтын сүрөтү сунушталган.

| | | | |
|---|---|---|---|
|  |  |  |  |

*Бул сүрөттөрдөн тамганын элесин табуу менен, баланын чыгармачылыгын өстүрүүгө, өз алдынча изденүүсүнө шарт түзүү бул баскычтын эң негизги өзгөчөлүгү болот.*

Ар бир тамгага окшош сүрөттөрдү карап бүткөндөн кийин, турмуштан дагы ушундай сүрөттөрдү табуу үчүн убакыт бөлүнүшү абзел. Балдар аларды айланасынан карашсын, өз алдынча табышсын. Андан кийин тамганын элесин сүрөттөө менен абада элестетип көрүп, ага окшош буюмдарды табуу үчүн көздөрүн жумуп, элестетишсе да болот.

**д. Тамгага тиешелүү ырлар менен иш алып баруу (кеп өстүрүү)**

“КЫТтагы” ар бир таблицадагы тамгаларга карата ырлар жаралып, бул ырлар атайын китепче түрүндө берилген.

Маселен, 1-таблицадагы 4 тамгага 4 ыр сунушталган, алардын экөөнү мисалга тарталы:

Бир таякка бир «**О**»ну,
Байлап койсом **Ю**болду.
**Ю**ля, **Ю**ра, **Ю**рий деп,
Короодо достор топтолду.

«**О**т» десем, «**ог**о**нь**» деп,
Юля курбум талашат.
«**О-о**» деп уйду чакырсак,
**О**русча деле жарашат.



Ар бир таблицага карата берилген ырлардан сырткары жалпы таблицаларга тиешелүү ырлар да берилген, анда алардан мисалдарды келтирели:

**Я тамга**

**Л** тамга абдан ба**л**банбы,
**О**ну көтөрүп алганы.
Заматта **Я**га айланып,

Мен-мен-синип калганы.

**Сыйкыр калем**

Тик таяктан оңго сызсам **Г** болду,
Анан кийин ылдый тартсам **П**болду.
Туура таяк ылдый жылып **Н** болду,
Аягына куйрук кошсом **Ң**болду...

Бул ырлар атайын китепчеде айрымдары сүрөттөрдүн коштоосу менен берилди. Албетте, аны балдар өздөрү окуй алышпайт. Аларды көркөм түрдө, жай, шашылбастан, жанындагы сүрөттөрдү көрсөтүү менен, тиешелүү тамгаларга басым жасап, тарбиячы, мугалим окуп берет.

Бул баскычты «кеп өстүрүү» деп атаса болот. Анткени мында жогоруда көрсөтүлгөн ырлар менен гана чектелип калууга болбойт. Мүмкүнчүлүктүн болушунча тамгаларга байланыштуу жомокторду, табышмактарды айтууга, ойлоп табууга, жаратууга басым жасалышы зарыл. Мында балдардын ой жүгүртүү, кыялдануу, элестетүү мүмкүнчүлүгүнүн жогорулугун да эске алуу абзел.

Эгерде бир тамгадан экинчи тамга жасоо боюнча жомокту тарбиячы ойлоп таап баштап, улантып келип, белгилүү бир жерден токтотуп, андан ары балдардын улантуусуна мүмкүнчүлүк берсе, мындай аракетти колдоо гана керек.

Экинчиден, тамгалар боюнча жомокторду жаратууда түрдүү варианттардын болушу да маанилүү. Ушул төрт тамга боюнча бир эле жомок жаралбастан, ар кандай варианттагы бир нече жомок, бир нече табышмактын болушу балдардын ой жүгүртүүсүн, кыялдануусун өстүрүүгө шарт түзмөкчү.

Кийинки таблицалардын жардамы менен төмөнкүдөй тамгалар жасалат:

2. Экинчи таблицада 6 тамга (н, ң, п, ч, к, ж) бар.

3. Үчүнчү таблицадан 5 тамга (и, й, ц, ш, щ) орун алган.

4. Мында 6 тамга (ү, у, л, м, д, А) бар.

Бул таблицанын өзгөчөлүгү – мында чоң «А» тамгасы берилген. Ошондой эле «ү» тамгасы бар. «Ү» тамгасын жасоодо таяныч таблицаны 90 градуска тегеретип кармоого туура келет.

Бул тамгаларга окшош сүрөттөрдү карап көрөлү.




5. Бул таблицадан 6 тамга (ь, ъ, б, ы, г, т) орун алган.

6. Таблицанын жардамы менен 5 тамга (с, е, ё, х, э) жасалат.

7. Мында 5 тамга (з, в, р, я, ф) орун алган.

## 4. «КЫТ» КОМПЛЕКТИНИН КАНДАЙ АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ БАР ЖЕ АЛ БАЛДАРГА ЭМНЕ БЕРЕТ

1. «КЫТ», биринчи кезекте, балдардын оюн аркылуу кызыгуу менен тамгаларды таанусуна жардам берет. “КЫТта” алфавиттеги бардык тамгалар камтылган. Андан сырткары, «а» тамгасынын баш тамгасы өзүнчө, кичинекейи өзүнчө жазылгандыгы эске алынып, алардын экөө тең “КЫТтан” орун алган. Ошондой эле, 0,3,4,10 сандарын да жасоого болот.
2. «КЫТ» менен иштеп жаткан учурда атайылап ага көңүл бурулбаса да, балдар 1ден 7ге чейинки сандарды билип калышат. Анткени бул сандар сүрөттөрдө болот. «КЫТ» менен иштөө процессинде, тамгаларды, сүрөттөрдү табуу учурунда бул сандар көрсөтүлүп пайдаланылуу менен, балдар аларды акырындык менен өздөштүрүп алышат.
3. Балдар тамгаларды бири-биринен айырмалаганга үйрөнүшөт, тамгалардын бири-биринен кайсы бөлүктөрү менен өзгөчөлөнөрүн билип калышат. Балдардын аң-сезиминде тамганын элеси, анын кандай бөлүктөрдөн турары калыптанат.
4. Тамгаларды жасоого аракет кылып жатып, балдардын ой жүгүртүүсү, чыгармачылыгы артат, балдарга өз алдынча аракеттенүүгө туура келет. «КЫТ» менен иштөө процессин билгичтик, чыгармачылык менен уюштуруу балдардын тапкычтыгын арттырып, алардын элестүү ой жүгүртүү, салыштыруу, айырмалоо, өзгөртүү, улантуу, кыялдануу жөндөмдүүлүктөрүн өөрчүтүүгө, арттырууга шарт түзөт.
5. Эң негизгиси – балдар тамгаларды колу менен жасап, өзгөртүп жатып, тери аркылуу сезүүсү, майда булчуңдарын өнүктүрүүсү ишке ашат. Ошондой эле кайсы бир деңгээлде алар тыкандыкка үйрөнүшөт.

Бул айтылгандардын канчалык абалда ишке ашышы тарбиячынын, мугалимдин “КЫТты” канчалык деңгээлде «кабыл алгандыгына», чыгармачылык, изденүүчүлүк дараметине түздөн-түз көз каранды болот.

## КОРУТУНДУ

“КЫТ” комплекти баланын дене түзүлүшү жана интеллектуалдык жактан шайкеш (гармониялуу) өнүгүшүнө чоң салым кошмокчу. Анткени жогоруда белгилеп кеткендей, “КЫТтагы” таблицалар менен иштөөдө барактын кыркылган жерлерин бүктөө аркылуу балдардын майда булчуңдары өнүгөт, тери аркылуу сезүү, кабыл алуу ишке ашат.

Андан сырткары, “КЫТ” комплекти менен иштөө процесси балдардын кызыгуусун жаратып, балдардын кыймылдоосуна алып келет. Анткени балдар тамгалардын элесин айланадан табышат, аларды туруп барып көрсөтүшөт, сүрөттөр менен иштөөдө алардын буюмдарын класстан, тайпадан көрсөтүп колдонушат. Балдар жалгыздан же экиден болуп, тамгалардын элесин жаратышат, көрсөтүшөт.

Натыйжада “КЫТ” комплекти менен иштөөдө дене жана интеллектуалдык өнүгүү шайкештикте ишке ашат.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. «Кызыктуу ынтымак тамгалар» комплектинин баланы өнүктүрүүдөгү ролу. /”Тил жана маданият” гезити, №18 (44), 14-май 2014-жыл.

2. Волина В. (составитель) Занимательное азбуковедение //Книга для учителя, - Москва, «Просвещение, 1991;
3. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте. -Москва, «Просвещение», 1991.
4. Кириллова Л. Энциклопедия методов обучения чтению. Буквы, слоги, кубики. “АСТ”, 2009;
5. Кушнир А. Педагогика грамотности. //Школьные технологии, № 4-5, 1996;
6. Потапова Е.Н. Радость познания. –М., 1990;
7. Токтомаметов А. Мен начар окугам, бул – менин артыкчылыгым же М.Жигитованын иш-тажрыйбасы жөнүндө. //Эл агартуу, № 3, 1995;
8. Худенко Е.Д. и др. Как научить ребенка думать и говорить. -Москва, 1993.